**2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Мыйзамына ылайык, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары - Эсептөө палатасы) аудитордук иш планынын негизинде, 2020-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары - ММК фонду), анын аймактык башкармалыктарынын (мындан ары - АБ) жана бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын (мындан ары – ССУ) 2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттеринин аткарылышына натыйжалуулук аудитинин элементтерин колдонуу менен шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

ММК фондунун жетекчилиги мамлекеттик консолидацияланган бюджеттин каражаттарын тескөөгө жана мыйзам органы тарабынан өкүлдөнгөн ыйгарым укуктарды ишке ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдетибиз, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде, ММК фондунун ишинин мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келишине карата өз алдыбызча корутунду жасоодо турат.

Аудит биздин жыйынтыкты тастыктаган жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору ушул жагдайда ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз. Биз, чогултулган аудитордук далилдер бул отчетто жазылган жыйынтыкты чыгаруу үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүү болуп саналат деп эсептейбиз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп укуктук ченемдик документтерде бекитилген милдеттерге жана максаттарга ММК фондунун ишинин шайкеш келишин тастыктоо болуп эсептелет:

- бюджеттик каражаттар боюнча чыгашалардын сметасын түзүүнүн негиздүүлүгү;
- штаттык бирдиктин түзүлүшү;
- эмгек акыны эсептөөнүн жана берүүнүн негиздүүлүгү;

- Иш сапар чыгымдарынын ченемдерин жана аларды кайтаруу тартибин сактоо;

- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун сактоо;

- акчалай каражаттарга, товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ГМБлардын ченемден ашык корлоруна жана алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- капиталдык жана кезектеги оңдоо иштерине кеткен чыгымдарга аудит;

- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы.

**Аудиттин критерийлери**

Консолидацияланган бюджеттик каражаттарды пайдалануу боюнча мыйзамдарга шайкештигин баалоо критерийлери:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү системасы жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилген "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы";

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө жобо";

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3 апрелиндеги № 194 токтому менен бекитилген "Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө жобо";

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2011 жылдын 8-июлундагы №354 буйругу менен бекитилген Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин тарификациясын жүргүзүү тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №13 "Саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы № 489 "Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Короновирус боюнча эпидемияга каршы иш-чараларды жүргүзүү учурунда компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө каражаттарды чыгымдоо жөнүндө" 2020-жылдын 12-майындагы №306 жана 2020-жылдын 4-августундагы №584 буйруктары, ошондой эле, башка ченемдик укуктук актылары.

**Иштерди аткарууда колдонулган аудиттин стандарттарын аныктоо**

Шайкештик аудити үчүн колдонулуучу көрсөтмөлөр жана INTOSAI аудитинин ушундай кылынган негиз салуучу принциптерине, негизинен, ISSAI 400 жана ISSAI 4000го (2016-жылы кайрадан каралып чыккан) ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишенимди алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Учурдагы аудиттин жүрүшүндө ММК фондунун ишине тиешелүү болгон ченемдик-укуктук актылар, ошондой эле ички ченемдик документтер колдонулду. Тобокелдиктин белгиленген деңгээлдеринин негизинде, аныкталган тандоо көлөмүнө ылайык маселелердин аудити жүргүзүлдү.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштин натыйжасында, биз төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, ММК фонду тарабынан консолидацияланган бюджеттик каражаттарды пайдаланууда, маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына шайкештигин аныктадык.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөнкүлөр эсептелген:**

ММК фондунун төрагасы кызматында биринчи кол коюу укугу менен:

- М.Т. Каниев 2019-жылдын 18-февралына чейин;
- Э.К. Боромбаева 2019-жылдын 19-мартынан тартып 2021-жылдын 23-мартына чейин;
- А.Б.Жумагазаров 2021-жылдын 24-мартынан баштап бүгүнкү күндө иштеп келүүдө.

ММК фондунун бюджетти аткаруу башкармалыгынын бөлүм башчысы кызматында, экинчи кол коюу укугу менен:

- Н.Т. Бакирова 2019-жылдын 4-сентябрына чейин;
- Р.И. Боромбаева 2019-жылдын 6-сентябрынан тартып 2020-жылдын 20-мартына чейин;
- К. А. Эсенгулов 2020-жылдын 20-мартынан 2021-жылдын 4-майына чейин;
- М.С.Иманалиев 2021-жылдын 4-майынан 6-июнуна чейин;
- Г.Ш.Борчубаева 2021-жылдын 7-июнунан баштап бүгүнкү күндө иштеп келүүдө.

## Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы

**Аныкталды:**

ММК фондунун 2019-жылга карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругу 2020-жылдын 20 ноябрында чыгып номери № 01-23/199 болгон 11 пункттан турган жазма буйрук жөнөтүлгөн. ММК фонду тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйругу толук аткарылган эмес, же болбосо 11-пункттан турган жазма буйруктун 6 пункту (2, 3, 4, 6, 7, 8-пункттар ) аткарылган, 4 пункту аткарылган эмес (5, 9, 10 жана 11-пункттар), 1 пункту жарым-жартылай аткарылган (1 пункт).

**Жазма буйруктун төмөнкү пункттары аткарылган эмес:**

**5-пункт.** *Тейлөөчү менен медициналык кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ортосундагы келишимдик процесстерди шайкеш келтирүү, келишимдик процесстин аткарылышына талдоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн, тактап айтканда, [illegible] чыккан учурлардын санына жана түзүмүнө талдоо жүргүзүү боюнча*

**9-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен бирге Кыргыз Республикасында түзүлгөн социалдык-эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча "Бирдиктүү төлөмдүн" тутумунда ипотекага салынганык сактоо полистери тарабынан жол берилген ашыкча төлөмдү 71 797.6 миң сом жана 19 513.7 миң сом суммаларындагы тиешелүү милдеттенмелерди кайтаруу жана дебитордук карыздарды өндүрүүнү жүргүзүү*

**10-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги № 102-б «2019-жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик уюмдары үчүн электр. энергиясын, жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө» буйругун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2019-жылдын 23-апрелиндеги № 116 «2019-жылга Кыргыз Республикасынын бюджеттик уюмдары үчүн электр. энергиясын, жаратылыш газын керектөөнүн лимиттерин бекитүү жөнүндө» буйругун аткарбагандыгы үчүн ММК фондунун аймактык башкармалыктарынын кызмат адамдарына карата тиешелүү чаралар көрүлсүн.*

**11-пункт.** *ММК фондунун Борбордук аппаратынын кассасындагы 2019-жылдын аягында 17.6 миң сом суммасында пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары республикалык бюджеттин кирешесине кайтарылып берилсин.*

**Жазма буйруктун жарым-жартылай аткарылган төмөнкү 1-пункту:**

*2018-жылга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 2,3,8,9,14,15,17-пункттары аткарылсын. Белгилей кетүү керек, 2-пункт боюнча Эсептөө палатасынын 2017-жыл үчүн аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма*

*буйругунун 2,3,4,17,22,23,28,31,32,83,85,97,103,112,121,133,134-пункттары жаатында аткарууну камсыз кылынбагандыгы көрсөтүлгөн.*

2018-жылга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругунун 2,3,8,9,14,15,17-пункттарынын ичинен азыркы аудит мезгилинде бир гана 15-пункту аткарылган, ал эми 2,3,8,9,14,17-пункттары аткарылбай калган. Ошону менен бирге белгилей кетүүчү нерсе, 2018-жылга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун 2-пунктунда көрсөтүлгөн "*Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2017-жыл үчүн аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйругунун 2,3,4,17,22,23,28,31,32,83,85,97,103,112,121,133,134-пункттарын аткарууну камсыз кылсын*" деген көрсөтмө боюнча - Жазма буйруктун 17, 22 жана 23-пункттары гана аткарылган, ал эми, 2,3,4,28,31,32,83,85,97,103,112, 121,133,134 пункттары аткарылбай калган.

**Сунуштама**

ММК фондунун 2019-жылга карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылдын 20-ноябрында № 01-23/199 кат менен жөнөтүлгөн жазма буйругунун 1,5,9,10 жана 11- пункттары толук аткарылсын.

## Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги боюнча жазма буйруктун аткарылышы

**Аныкталды:**

2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине 2020-жылдын 20-ноябрында чыгыш номери № 01-23-197 кат менен 5 пункттан турган жазма буйрук жөнөтүлгөн. Жазма буйруктун 4 пункту (1,2,4, жана 5-пункттары) аткарылган эмес, ал эми 3-пункту жарым жартылай аткарылган.

**1-пункт.** *2018-жылга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругун аткарууну камсыз кылынсын.* Аткарылган эмес.

**2-пункт.** *Саламаттык сактоо уюмдарында врачтын, орто медициналык персоналдын жана башка персоналдын бош кызмат орундарынын болушуна жол берилбешине контролдоо камсыз кылынсын. Мунун өзү каражаттардын экономиясына үнөмдөлүүгө алып келет, бул каражат медициналык кызматкерлердин ортосунда кошумча эмгек акы катары бөлүштүрүлгөн. Ошол эле учурда оорулуулар талаптагыдай медициналык дарылоо ала албай турган фактысын эске албайт.* Аткарылган эмес.

**3-пункт. Араван райондук аймактык ооруканасы боюнча:**

**3.1.** *Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесине жана Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» Кодексине ылайык, «Ачык Гранд Строй» ЖЧКсынан 2019-жылдын 26-мартындагы*

*№190604169369972 тендерге катышуу үчүн тендердик билдирмени 2 % өлчөмүндө 10,6 миң сом суммасында алынган кепилдик республикалык бюджетке кайтарылсын.*

Аткарылган. Араван райондук аймактык ооруканасынан 2021-жылдын 2-июнундагы № 54 төлөм тапшырмасы менен 10,0 миң сом республикалык бюджетке которулган.

**3.2.** *1066,3 миң сом дебитордук карыздын жана 8071,6 миң сом кредитордук карыздын ордун толтуруу боюнча чаралар көрүлсүн.* Аткарылган эмес.

**4-пункт. Араван райондук стоматологиялык бейтапканасы боюнча:**

4.1. *ММК фондунун каражаттарынын эсебинен сатылып алынган, пайдаланылбай турган калган жабдууну орнотуу жана пайдалануу боюнча чаралар көрүлсүн.* Аткарылган эмес.

**5-пункт. Ош облустар аралык балдар клиникалык ооруканасы:**

5.1. *777,8 миң сом суммасында жаңылыш жазылган дебитордук карыз бухгалтердик эсепке киргизген жана кызмат адамдарына тартиптик чаралар көрүлсүн.* Аткарылган эмес.

Ошондой эле, 2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине 2020-жылдын 20-ноябрында чыгыш номери № 01-23/196 кат менен 8-пункттан турган сунуштар жөнөтүлгөн, алардын ичинен бир пункт аткарылган (4-пункт), ал эми жети пункт (1,2,3,5,6,7,8-пункттар) аткарылган эмес.

**Сунуштама**

2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине 2020-жылдын 20-ноябрында № 01-23/197 кат менен жөнөтүлгөн жазма буйругу жана 2020-жылдын 20-ноябрында № 01-23/196 кат менен жөнөтүлгөн сунуштары толук аткарылсын.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги боюнча**

**Аныкталды:**

2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2020-жылдын 20-ноябрында чыгыш номери № 01-23/198 кат менен 4 пункттан турган жазма буйрук жөнөтүлгөн. Жазма буйрук аткарылган эмес.

**1-пункт.** *2018-жылдын 1-январынан тартып 2018-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ММК фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругун аткарууну камсыз кылсын.*

**2-пункт.** *Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча калкка медициналык-санитардык жардам көрсөтүү үчүн оптималдаштырылбаган каражаттардын болушуна жол бербөө максатында, ММК фондунан бюджетине берилүүчү каражаттар боюнча өз убагында кассалык планды ашыруу көрсөтүлгөн.*

**3-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-сентябрындагы № 451 токтомунун негизинде, индикаторлор боюнча иштин жыйынтыгы үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлерге, жалпы практика врачтарына жана үй-бүлөлүк медайымдарга акы төлөөгө жыл сайын республикалык бюджеттен каралуучу бюджеттик каражаттардын максаттуу оптималдаштыруунун натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүлүшү керек, себеби 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча бөлүнгөн каражаттар жетишпегендиктен кийинки жылдын эсебинен каралган каражаттардын калдыгы 244 271,6 миң сомду түзгөн.*

**4-пункт** *Кыргыз Республикасында түзүлгөн санитардык-эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу, 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча "Бирдиктүү төлөөчү" тутумунда иштеген саламаттык сактоо мекемелери тарабынан жол берилген ашыкча түрдөгү 71 797,0 миң сом жана 19 513,7 миң сом суммаларындагы товардык-материалдык баалуулуктардын бекитилген ашык корлору жана дебитордук карыздарды четтетүү маселеси каралган.*

**Сунуштама**

2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Эсептик палатасынын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине 2020-жылдын 20-ноябрындагы № 01-23/198 кат менен жөнөтүлгөн жазма буйругу аткарылсын.

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлгөн сунуш боюнча

**Аныкталды:**

2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 2020-жылдын 20-ноябрындагы чыгыш номери № 01-23/195 кат менен 4 пункттан турган сунуштар жөнөтүлгөн, сунуштардын бир гана 1-пункту аткарылып, калган үч пункт (2,3,4-пункттар) аткарылган эмес.

**Сунуштардын төмөнкү пункттары аткарылган эмес:**

**2-пункт.** *ММК фондунун бюджетинин кирешелүү бөлүгүнүн милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнөн 3 % өлчөмүндө Социалдык фондунун карамагында калуусун алып салуу жана Социалдык фонд тарабынан ММК фондунун бюджетине которулуучу милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнөн 3 % өлчөмүндө*

*каралып келүү боюнча иш актыларды шайкеш келтирүү кылынсын.*

**3-пункт.** Төмөнкү маселелер каралбаганы (аныкталган):

**3.1.** *Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан ММК фондунун бюджетинин каражаттарын которуу менен, милдеттүү медициналык камсыздандырууга кезек турган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн жалпы көлөмүнөн 71 745,6 миң сом өлчөмүндө каралган каражаттардын өз убагында которулушу боюнча.*

**3.2.** *«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2019-жылга бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдуу жоспары» Кыргыз Республикасынын бекитилген Мыйзамына ылайык, милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноону ишке ашыруу боюнча милдеттенмелердин аткарылбай калышы, анын натыйжасында саламаттык сактоо уюмдарын 68 282,7 миң сомго кем каржылоо жүргүзүлдү, мунун өзү Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча көрсөтүлүүчү медициналык-санитардык жардамдын сапатына таасирин тийгизди.*

**3.3.** *Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан ММКга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарын ММК фондунун бюджетине бекитилген жылдык өлчөмдүн он экиден бир бөлүгүндө толук көлөмдө төгүм которуунун камсыздалбашы.*

**3.4.** *Үй-бүлөлүк дарыгерлердин жана жалпы практика врачтарынын ишинин жыйынтыктарын 12 индикатор боюнча баалоо жүргүзүлгөн кароолору аркылуу саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөп берүүгө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акы төлөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-сентябрындагы № 451 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акы төлөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомуна ылайык өзгөртүүлөрдү киргизүү.*

**3.5.** *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 токтому менен бекитилген, "Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө" Жобонун, кошумча эмгек акыны эсептөө, стимулдаштыруучу эмгек акынын фонду уюмдун эсебинен түзүлөт жана эмгекке кошкон коэффициенти аркылуу бөлүштүрүлөт деген бөлүгү.*

**4-пункт.** *Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен ММК фондунун Мамлекеттик кепилдиктер программасынын кызматтарын көрсөтүүнү иш-чараларды каржылоо аркылуу саламаттык сактоо уюмдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоону көздөп кылуу жаатындагы функцияларын кайра карап чыгуу маселелери каралып чыгылсын.*

**Сунуштама**

2019-жылдын 1-январынан 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил

үчүн ММК фондунун бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 2020-жылдын 20-ноябрындагы № 01-23/195 кат менен жөнөтүлгөн сунуштары толук аткарылган.

## Аудиттин объектиси тууралуу кыскача маалымат

ММК фондунун Жобосу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө» 2012-жылдын 20-февралындагы № 133 токтому менен бекитилген, акыркы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн структурасына киргизилген өзгөртүүлөр, толуктоолорду эске алуу менен жаңы Жобо иштелип кабыл алынбаган. Жобого ылайык ММК фонду базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу, Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп эсептелет.

ММК фондунун максаты – Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын (мындан ары – МКП) ишке ашыруунун алкагында Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын бюджетин консолидациялоо аркылуу жарандарды сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген камсыз кылуу болуп эсептелет.

ММК фондунун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасынын финансылык туруктуулугун камсыз кылуу жана андан ары өнүктүрүү, медициналык жана фармацевтик кызматтардын жарандарга акыйкаттык менен жана тең жеткиликтүү болушуна жетишүү үчүн медициналык жардамдын көлөмүн жана сапатын теңдештирүү шарттарын түзүү;

- Бирдиктүү төлөөчү тутумунун жана медициналык камсыздандыруу тутумунун финансылык туруктуулугун камсыздоо үчүн арналган финансылык каражаттарды топтоо;

- Бирдиктүү төлөөчү тутумунун каражаттарын сарамжалдуу жана максаттуу пайдаланылуусун контролдоо;

- Бирдиктүү төлөөчү тутумунун каражаттарынан Мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларынын алкагында медициналык жардамга төлөп берүү үчүн саламаттык сактоо уюмдарына менчигинин түрүнө карабастан бирдей шарт түзүү;

- медициналык ат алын алуучу жана фармацевтик кызмат көрсөтүүчүлөр берген медициналык кызматтын сапатын контролдоону өркүндөтүү.

2018-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ишке киргизилиши менен ММК фондунун бюджети Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун курамында өзүнчө аткарылат.

## Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызмат көрсөтүү

ММК фондунун негизги функцияларынын жана милдеттеринин бири болуп саламаттык сактоо жаатындагы мамлекеттик программалардын алкагында калкка көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын сапатын контролдоо болуп эсептелет.

ММК фондунун менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары менен калкка медициналык кызмат көрсөтүү жана көрсөтүлгөн медициналык кызматтар үчүн акы төлөө боюнча өз ара аракеттенүүсү түзүлгөн келишимдердин негизинде ишке ашырылат.

2020-жылы ММК фондунун аймактык бөлүмдөрү 256 саламаттык сактоо уюму менен келишим түзүү, анын ичинде:

- 100 стационар жана 29 жалпы дарыгерлер практикалык борбору;
- 49 үй-бүлөөлүк медициналык борбору (ҮМБ), 16 юридикалык жактан өз алдынча үй-бүлөөлүк дарыгерлер тобу (ҮДТ) жана Бишкек шаарындагы 1 Шаардык курчак ичүүчка карпы күрөшүү борбору;

33 стоматологиялык бейтапкана;

2 Шашылыш медициналык жардам борбору (Бишкек шаарында жана Ош шаарында);

25 жеке менчик гемодиализ борбору жана 1 Он-Кардио борбору.

Мындан тышкары, ММК фонду менен келишимдик негизде 208 фармацевттик кызмат көрсөтүүчү, анын ичинде бүткүл өлкө боюнча жеңилдетилген шартта дары-дармек каражаттары менен камсыз кылуучу 1008 дарыкана пункттары иштейт.

## ММК фондунун 2020-жылга бюджети

"Кыргыз Республикасынын Озмоктуу жарандуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ММК фондунун бюджетинин чыгаша жана кирешелер параметрлери 16 009 829,9 миң сом суммасында бекитилген.

ММК фондунун 2020-жылга бюджетинин каражат берүү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, "Кыргыз Республикасында жарандардын медициналык камсыздандыруу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоосун каржылоонун Бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө", "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык түзүлгөн жана негизинен Базалык

мамлекеттик медициналык камсыздандыруу жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларын каржылоого республикалык бюджетте каралган каражаттардын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан которулуучу милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарынын эсебинен түзүлөт.

2020-жылга карата ММК фондунун бюджетинин бекитилген кирешесинин түзүмү:

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети боюнча жылдын башына 190 000,0 миң сом калдык калган.

- республикалык бюджеттен берилүүчү бөлүнгөн каражаттар 11 116 341,7 миң сом суммасында же ММК фондунун тескөөсүндөгү каражаттардын жалпы көлөмүнүн 69,4 %;

- Социалдык фондун бюджетинен берилүүчү каражаттар 2 569 665,4 миң сом же 16,1 %;

- акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшкөн каражаттар (анын ичинде кошумча төлөм каражаттары, атайын каражаттары 1 948 832,8 миң сом суммасында же 12,2 %;

- башка келип түшкөн каражаттар 10 000,0 миң сом суммасында же ММК фондунун кирешесинин жалпы көлөмүнүн 0,07 %;

- мамлекеттик сектордун бирдиктерине ыктыярдуу трансферттер жана гранттар 175 000,0 миң сом же 1,1 %.

ММК фондунун 2020-жылга бюджетине жыл ичинде киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин жыл башындагы калдыкты эске алуу менен кирешелер 17 537 356,3 миң сомду түзгөн.

2020-жылга карата ММК фондунун бюджетинин бекитилген кирешесине жыл ичинде киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийинки түзүмү:

- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети боюнча жылдын башына 319 746,8 миң сом калдык калган;

- республикалык бюджеттен берилүүчү бөлүнгөн каражаттар 13 244 516,6 миң сом суммасында же ММК фондунун тескөөсүндөгү каражаттардын жалпы көлөмүнүн 75,5 %;

- Социалдык фондун бюджетинен берилүүчү каражаттар 2 377 727,0 миң сом же 13,6 %;

- акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшкөн каражаттар (анын ичинде кошумча төлөм каражаттары, атайын каражаттары 1 501 765,7 миң сом суммасында же 8,6 %;

- башка келип түшкөн каражаттар 14 944,0 миң сом суммасында же ММК фондунун кирешесинин жалпы көлөмүнүн 0,09 %.

- Эл аралык уюмдардан трансферттер – 78 656,2 миң сом же 0,4 %.

2020-жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Жогорку Кеңешинин чечимдеринин негизинде төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

- 2020-жылдын май айы үчүн эпидемиянын очогунда жана ага тепкендегирилген аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын

кызматкерлерине жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөрдү өз убагында каржылоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 7-майындагы № 163-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 15-апрелиндеги №3683-VI токтому менен ММК фондунун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү 133 833,6 миң сомго көбөйгөн;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 12-июнундагы № 213-б буйругун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 15-июнундагы чечимин аткарууда шашылыш бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган оорулууларга үзгүлтүксүз гемодиализ кызматын көрсөтүүгө акы төлөө үчүн республикалык бюджеттен ММК фондунун бюджетине 75 000,0 миң сом суммасында кошумча ассигнования бөлүнгөн;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 26-июнундагы № 235-б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 29-июнундагы чечимин аткарууда, ММК фондунун киреше жана чыгаша бөлүктөрү 2020-жылдын башындагы ММК фондунун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарынын эсебинен 129 746,8 миң сомго жогорулаган;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 25-июнундагы № 233 буйругуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 29-июнундагы чечими, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 7-июлундагы № 246-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 2-сентябрындагы чечими, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-июлундагы № 264-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 2-сентябрындагы чечими, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 21-августундагы № 292-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 2-сентябрындагы чечими, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-сентябрындагы № 302-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 2-сентябрындагы чечими, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 5-октябрындагы № 346-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 14-октябрындагы чечими менен эпидемиянын очогунда жана ага теңештирилген аймактарда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине жана ишке тартылган адамдарга компенсациялык төлөмдөрдү өз убагында каржылоо үчүн, республикалык бюджеттен ММК фондунун бюджетине 1 058 746,2 миң сом суммасында саламаттык сактоо уюмдары үчүн жеке коргонуу каражаттарын сатып алууга 300 000,0 миң сом жана коронавирус инфекциясы менен ооруну

боюнча чыгымдарга байланыштуу түзүлгөн кредитордук карыздарды жабууга саламаттыкты сактоо уюмдарына 300 000,0 миң сом кошумча ассигнованиялар каралган.

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 25-ноябрындагы № 4176-VI токтому менен республикалык бюджеттен ММК фондунун бюджетине Ош шаардык клиникалык ооруканасы үчүн 10 598,8 миң сом суммасында кошумча ассигнованиялар каралган;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-ноябрындагы №388 буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 30-ноябрындагы № 6-232/20 чечиминин негизинде өз убагында үзгүлтүксүз медициналык кызмат көрсөтүү максатында республикалык бюджеттин каражаттарынан өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган оорулуулар үчүн гемодиализ кызматына акы төлөөгө 139 400,0 миң сом каралган;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-ноябрындагы №388 буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 16-ноябрындагы №6-232/20 чечиминин негизинде жаңы ачылган жана профили өзгөртүлгөн инфекциялык бөлүмдөрдү каржылоого саламаттык сактоо уюмдарынын муктаждыктарын жабууга үчүн 110 596,3 миң сом кошумча каражат бөлүнгөн.

Андан сырткары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-мартындагы № 107-б буйругуна жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 2020-жылдын 1-апрелиндеги чечимине ылайык ММК фондунун бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүктөрү 2020-жылдын башындагы саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарынын эсебинен 273 208,6 миң сомго көбөйгөн.

Жалпысынан 2020-жылы ММК фондунун бекитилген бюджетинин кирешелер бөлүгүнүн параметрлери жалпысынан 2 262 865,7 миң сомго көбөйсө, жыл ичинде кээ бир бөлүктөрдөн статьяларда жалпысынан 735 339,3 миң сомго кыскарган.

Ошентип, ММК фондунун 2020-жылга бекитилген бюджетинин киреше бөлүгүнүн параметрлери жалпысынан 1 527 526,4 миң сомго жогорулаган жана ММК фондунун бюджетинин киреше боюнча параметрлери 1 527 526,4 миң сомго жогорулап, бюджеттин бул параметрлери 2021-жылдын 21-январында кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдуу жөнүндө" 2020-жылдын 17-декабрындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен өзгөртүлүп кирешелер жана чыгашалар 17 537 356,3 миң сом суммасында бекитилген.

## ММК фондунун 2020-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча ММК фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгү 16 663 604,1 миң сомду түздү, пландалганы 17 537 356,3 миң сом болгон, же 97,7 %га аткарылды.

2020-жылы саламаттык сактоо уюмдары тарабынан 16 663 604,1 миң сомго медициналык кызмат көрсөтүлдү, пландалган бюджет 17 537 356,3 миң сом суммасында болгон жана пландалган бюджеттен 873 752,2 миң сомго аз (95,0 %) аткарылган.

Бюджетке салыштырганда саламаттык сактоо уюмдары тарабынан акы төлөнүүчү медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшкөн кирешелердин көлөмү пландалганга караганда аз болгон.

Бул айырмачылыктар 2020-жылдын 22-мартынан тартып COVID-19 пандемиясы боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаал режимин киргизүү менен байланышкан (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-мартындагы №93-б буйругу).

ММК фондунун бюджетинин каражаттарын жалпы чыгымдоонун салыштырма салмагынын 37% же 6 139 564,4 миң сом жалпы профилдеги ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө туура келет, баштапкы медициналык жардам - 34% же 5 623 935,4 миң сом, адистештирилген ооруканалардын кызматтары - 11,0% же 1 909 228,2 миң сом, балдар үчүн ооруканалардын жана калыбына келтирүү борборлорунун кызматы 4,0 % же 656 946,5 миң сом.

Жеңилдетилген гемодиализ кызматына акы төлөөгө 190 872 сеанс үчүн 2020-жылдын пландалган бюджетинде 897 100,0 миң сом каралган, иш жүзүндө 100 % же 897 100,0 миң сом каржылоо жүргүзүлгөн.

Республиканын облустары боюнча ММК фондунун 2020-жылга карата бюджетинин чыгашасы ММК фондунун бюджетинин жалпы чыгымдалган каражаттарынын ичинен салыштырмалуу салмагы Бишкек шаарына 28,1 % же 4 690 503,9 миң сом туура келет. Ош облусуна - 21,9% же 3651 307,7 миң сом, Жалал-Абад облусуна - 16,2% же 2691 226,6 миң сом, Чүй облусуна - 10% же 1824 291,2 миң сом, Баткен облусуна - 7,2% же 1195 461,7 миң сом, Ысык-Көл облусуна - 7,1 % же 1184 930,1 миң сом, Нарын облусуна - 5,2 % же 871 259,2 миң сом, Талас облусуна - 3,3 % же 554 623,6 миң сом.

ММК фондунун 2020-жылга бюджети кирешелер боюнча 17 137 156,3 миң сом суммасында, ал эми чыгашалар боюнча 16 663 604,1 миң сом суммасында аткарылды, кирешелер чыгашаларга караганда 473 552,2 миң сомго көп аткарылган.

<u>2021-жылдын 1-январына карата пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 473 552,2</u> миң сомду түздү. Анын ичинен:

1). ММК фондунун аккумуляциялык эсебинде 2020-жылдын 31-декабрына карата жалпы 364 166,2 миң сом пайдаланылбай калган, анын ичинен:

- 157 054,4 миң сом отмомуздо камсыздандыруу запасынын калдыгы (финансылык колдоосу менен кризистик жагдайларда милдеттүү

медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүүдөн түшкөн каражаттардын эсебинен ММК фондунун бюджетине каражаттарды резервдөө, табигый кырсыктарга байланыштуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларын жыл ичинде болгон катастрофалар, террористтик актылар жана башка өзгөчө кырдаалдар, соттордун чечимдери боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү зарылдыгы, ошондой эле республикалык бюджеттен которулган гранттар өз убагында бөлүнбөгөн учурда ММК фондунун бюджетке кирешелери жетишсиз болгон учурда, же милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнөн түшкөн каражаттардын пландаштырылган суммасын аткарбоо:

- ММК фондунун жана аймактык башкармалыктардын административдик чыгымдарына каражаттардын калдыгы 2 841.0 миң сом калган;

- Дүйнөлүк Банктын "COVID-19 пандемиясына каршы күрөштө шашылыш жардам" долбоорун ишке ашыруу үчүн алынган каражаттардын калдыгы 14 709.1 миң сом калган (стационардык кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын инфекциялык бөлүмдөрүн оңдоо боюнча чараларды каржылоого бөлүнгөн);

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2020-жылы ММК фондунун бюджетине түшкөн каражаттардын калдыктары 5 955.1 миң сом суммасында;

- ММК фондунун топтоо эсебине түшкөн саламаттык сактоо уюмдарынын кайтарымдуу каражаттарынын калдыктары 37.5 миң сом (анын ичинен: Бишкек ГУ ФОМСУ - 850,0 сом, Бишкек шаарындагы №2 клиникалык төрөт үйү - 8 627.4 сом, Октябрь районунун ОКСМ - 12 332.8 сом, Арашан ден-соолук борбору - 15 707.7 сом);

- республикалык бюджеттен каржыланган ассигнованиелердин жылдын аягына өздөштүрүлбөй калган каражаттарынын жалпы калдыгы **94 932,0** миң сомду түзөт. Анын ичинен: Фтизиатрия улуттук борборуна кургак учукка каршы дары-дармектерди сатып алууга 3465,4 миң сом; аткаруу көрсөткүчтөрүн ишке ашыруу үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлерге жана жаш практикалык дарыгерлерге төлөмдөр үчүн 7 606,6 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.04.2020-жылдын 3-апрелиндеги №194 токтому боюнча бөлүнгөн суммадан 59085,8 миң сом; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 5-ноябрындагы 357-б буйругу боюнча бөлүнгөн суммадан 24141.2 миң сом жана амбулатордук деңгээлде кургак учукту дарылоону ийгиликтүү аяктоо үчүн бөлүнгөн суммадан 636,0 миң сом калган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 17 июнундагы № 417 жана ММК Фондунун 2020-жылдын 16-июнундагы №182 биригелешкен буйругуна ылайык, химиотерапевттик жана максаттуу дары-дармектерди сатып алууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттын калдыгы **11 499,0** миң сомду түздү

**1. Критерийлердин бузуулары аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 11-пунктуна ылайык, тиешелүү бюджеттин кирешесине которулбаган бюджеттер аралык трансферттердин каражаттарынын пайдаланылбаган калдыктары Өкмөт тарабынан белгиленген тартипте жана жалпы талаптарды сактоо менен аларды берген бюджеттин кирешесине өндүрүп алынууга жатары көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу, 15 600.4 миң сомдук өздөштүрүлбөй калган бюджеттик каражаттардын калдыктары республикалык бюджетке кайтарылууга жатат.

**1. Сунуштама:**

ММК фондунун бюджетинде 15 600.4 миң сомдук өздөштүрүлбөй калган республикалык бюджеттин каражаттарынын калдыктарын республикалык бюджетке кайтаруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**2).** Саламаттык сактоо уюмдарынын эсептеринде 2021-жылдын 1-январына карата 109 386.1 миң сом каражаттар пайдаланылбай калган, анын ичинде республикалык бюджеттин каражаттары 26 988.2 миң сом, Онкологиялык жардамды колдоо фондунун каражаттары 33 902,9 миң сом, саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктары 27 477,7 миң сом, кошумча төлөм каражаттары 12 465,0 миң сом, Ковид-19 шашылыш долбоору боюнча каражаттар 8 513,4 миң сом, оорунун очогунда иштеген медициналык кызматкерлерге компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө каражаттар 38,9 миң сомду түзөт.

**2. Критерийлердин бузуулары аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 92-б буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу ММК фонду 10-күндүк мөөнөттө республикалык бюджеттин кирешесине республикалык бюджеттен бөлүнгөн бирок пайдаланылбай калган **117 818,8** миң сом суммасындагы каражаттарды кайтарууга жатары белгиленсе, азыркы учурга чейин кайтарылбай келет.

**2.Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-апрелиндеги № 92-б буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу ММК фонду пайдаланылбай калган 117818,8 миң сомду республикалык бюджетке которсун.

## ММК фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүсү

**1. Критерийлердин бузуулары аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан ММК фондунун бюджетине берилүүчү каражаттардын көлөмү Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүү божомолу боюнча эмгек акы фондуна жараша ММК фондунун бюджетине келип түшүүчү милдеттүү медициналык

камсыздандырууга байланыштуу иштеген жана төлөгөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн суммасына жараша эсептелет.

"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору түзүлүү кабыл алынган жана мыйзамдын 6-беренесине ылайык, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондун каржылоо 2 569 655,4 миң сом суммасында бекитилген. Жыл ичинде киргизилген толуктоолор, өзгөртүүлөрдөн кийин 2 377 727,0 миң сомду түзгөн.

"Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга божомолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Социалдык фонддон келип түшүүчү каражаттар 2 361 500,0 миң сомду түзүп, такталган бюджет 2 377 727,0 миң сом, же болбосо такталган бюджеттен 16227,0 миң сомго кем (99,3 %).

Социалдык фонд менен ММК Фондунун ортосундагы 2020-жылдын 12-апрелиндеги 2020-жылга түзүлгөн жана кол коюлган салыштыруу актысы боюнча ММК Фондунун дебитордук карызы 2021-жылдын 1-январына карата 107,3 миң сомду түзгөн.

2020-жыл ичинде 2 418 175,1 миң сом суммасында милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү чогултулган. Жыл ичинде Социалдык фонддун административдик чыгымдарына жалпы чогултуунун 1,5 % өлчөмүндө 36 272,6 миң сом акча каражаттары төлөнгөн. ММК Фондунун төлөө эсебине жылдын башында дебитордук карызды эске алуу менен 2 361 500,0 миң сом которулган. 2021-жылдын 1-январына карата 20 509,8 миң сом дебитордук карызы калган.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга божомолу жөнүндө" Мыйзамынын 6-беренесинин 2-бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун бюджетине өткөрүп берилүүчү каражаттарынын көлөмү 2020-жылга – 2 377 727,0 миң сом суммасында белгиленген жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду ММК фондунун бюджетине милдеттүү медициналык камсыздандырууга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарын бекитилген жылдык көлөмдүн он экиден бир бөлүгүндө тең өлчөмдө жыл ичинде толук көлөмдө которууну камсыз кылынуусу көрсөтүлгөнүнө карабастан иш жүзүндө аткарылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 648 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн башкаруу функцияларын өткөрүп берүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому боюнча, Камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо, камсыздандыруу төгүмдөрүнүн эсептелишин жана төлөнүшүн көзөмөлдөө, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу боюнча функцияларды жана ыйгарым укуктарды ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп 2019-жылдын 1-январынан тартып өткөн мезгилдер үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы аныкталган деп көрсөтүлгөн.

Бирок, Социалдык фонд менен ММК фондунун ортосундагы 2021-жылдын 8-апрелинде кол коюлган өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу текшерүү актысына ылайык, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан ММК фонду үчүн белгиленген келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн 1,5 %ы 36 272,6 миң сом суммасындагы каражат кармалган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, ММК фондун каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" 2004-жылдын 24-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык, Социалдык фонд менен ММК фондунун ортосундагы 2021-жылдын 8-апрелинде өз ара эсептешүүлөрдү салыштырмалуу актысы боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан ММК фондуна 36 272,6 миң сом суммасындагы каражат которулууга жатат.

**1. Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" 2004-жылдын 24-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык, Социалдык фонд менен ММК фондунун ортосундагы 2021-жылдын 8-апрелинде өз ара эсептешүүлөрдү салыштырмалуу актысы боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан ММК фондуна 36 272,6 миң сом суммасындагы каражат которулсун.

## Кассанын жүгүртүүдөгү накталай акчалар

Алгач «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, 2020-жылдын башталышына карата жүгүртүү кассасындагы нак акчалар көлөмү 190 000,0 миң сом өлчөмүндө белгиленген.

Жыл акырына 2020-жыл үчүн бюджеттин аткаруу жыйынтыгы боюнча жүгүртүү кассасындагы нак акчалар өлчөмү 319 746,8 миң сомго чейин көбөйтүлгөн, бул «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2020-жылга бюджети жана 2021-2022 жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган.

## ММК полисин таратуудан келип түшкөн каражаттар

Республиканын калкын саламаттык сактоо системасынын кызмат көрсөтүүлөрү менен толук камсыз кылуу максатында, милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы менен камтылбаган жарандарга милдеттүү медициналык камсыздандыруу полистерин сатып алуу укугу берилген. Полис баасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашуу боюнча ММК фонду тарабынан белгиленет. ММК полисин таратуудан келип түшүүчү каражаттар ММК фондунун 2019-жылга бюджетинде 10 000,0 миң сом көлөмүндө бекитилген, ММК фондунун бюджетинде башка кирешелер боюнча такталган сумма 14 944,0 миң соманы түздү (ММК полисин таратуудан 4 659,0 миң сом, ММК фондунун бюджетинин каражаттарын максатсыз пайдалануунун натыйжасында өндүрүлгөн каражаттарды – 5 660,7 миң сом, ошондой эле кайтарылган каражаттар – 620,9 миң соманы эске алуу менен). 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча ММК фондунун бюджетине келип түшкөн каражаттар 10 940,7 миң соманы түздү же такталган бюджеттен 73,2 %.

## Эл аралык уюмдардан гранттык каражаттардын келип түшүүсү

### 1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:

Дүйнөлүк банктын долбоору боюнча Өзгөчө COVID-19 долбоорун каржылоого 2020-жылы эл аралык финансылык уюмдардан ММК фондунун кирешесине болжолдуу 78 656,2 миң сом гранттык каражаттардын келип түшүүсү пландаштырылган.

Дүйнөлүк банктын бул долбоору боюнча [illegible] саламаттык сактоо системасынын дараметин күчөтүү, COVID-19 менен ооруган бейтаптарга алдыңкы жардам берүү үчүн [illegible] жана карантин оорукааналарга жана кошумчаларды [illegible] мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу аркылуу [illegible] жогорулатуу үчүн 31 462,5 миң сом келип түшкөн (40,0 %). Бул каражаттар Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан тандалып алынган стационардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарын ремонттоо боюнча иш-чараларга каржылоого жумшалган.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги 2020-жылдын сентябрында Дүйнөлүк Банк тарабынан республикалык бюджетке бөлүнгөн 12,5 миллион доллар аванс ММК фондунун бюджетине "Натыйжага байланышкан программанын (НБП) иш-чаралары" долбоору боюнча аванстык төлөм которулган эмес.

ММК Фонду Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине ММК Фондунун бюджетине которуу маселеси боюнча бир нече жолу кайрылган, бирок 2020-жылга республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнө жана андан кийин 2021-жылга карата, бул каражаттар ММК Фондунун бюджетине чегерүүлөр үчүн каралган бюджетте чагылдырылган

эмес жана эсеп ачылган эместе да Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги учурдагы убакка чейин бул каражаттарды 2021-жылга бекитилген республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүдөн мурун ММК Фондунун топтоо эсебине которуу мүмкүн эмес.

Долбоордун каражаттары гранттык каражаттар болуп саналат жана атайын эсеп каражаттары катары эсепке алынууга тийиш, "Натыйжага багытталган программанын (НБП) иш-чаралары" үчүн өзүнчө атайын эсеп ачылып, бюджеттик ассигнованиялар менен аралаштырылбашы керек. Программаны ишке ашыруу планына ылайык сатып алуу планына ылайык колдонулат.

Эгерде долбоордун каражаттары бюджеттик каражаттар менен кошулса жана бюджеттик каражаттар катары эсепке алынса, анда бул каражаттарды пайдалануу үчүн кассалык пландаштыруу каралат, кирешелердин жана чыгымдардын бюджеттик сметасын түзүү жана аларды пайдалануу боюнча эрежелер бюджеттик ассигнованиялардын жалпы эрежелерине туура келет.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу ММК фондунун "Натыйжага багытталган программанын (НБП) иш-чаралары" долбоору боюнча 2020-жылдын сентябрь айында Дүйнөлүк Банк тарабынан республикалык бюджетке бөлүнүп берилген акча каражаты (2,5 миллион доллар эквиваленте) ММК фондунун 2021-жылдын бюджетине киргизилбеген.

**1. Сунуштама:**

ММК фондунун "Натыйжага багытталган программанын (НБП) иш-чаралары" долбоору боюнча 2020-жылдын сентябрь айында Дүйнөлүк Банк тарабынан республикалык бюджетке бөлүнүп берилген акча каражаты (2,5 миллион доллар эквиваленте) боюнча 2021-жылдын ММК фондунун бюджетине өзгөртүүлөр киргизилсин.

## Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн келип түшүүчү каражаттар

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 1-июлундагы № 350 токтому менен "Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын ишке ашырууга багытталган милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары жөнүндө жобосу" бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы № 645 токтому менен "Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылууга карата мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлгөн медициналык кызмат үчүн кошумча төлөм жөнүндө жобосу" бекитилген.

Кыргыз Республикасында монополияга каршы саясат жаатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан Прейскурант

иштелип чыгып жана бекитилет жана Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдары үчүн бирдиктүү болуп эсептелет.

Жеңилдик алууга укугу жок жарандар, ошондой эле лабораториялык жана диагностикалык изилдөөлөргө жолдомосу жок жарандар. Прейскурантка ылайык кошумча акы төлөшөт.

Саламаттык сактоо уюмдарында стационардык дарылоодо медициналык кызматтар үчүн кошумча төлөмдүн деңгээли, саламаттык сактоонун мамлекеттик секторун каржылоо көлөмүнө жараша, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан иштелип чыгып жана республикалык бюджет бекитилгенден кийин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Мамлекеттик кепилдиктер программасында бекитилет.

ММК фондунун 2020-жылга тактал ган бюджетинде акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн 1 501 765.7 миң сом көлөмүндө каражаттардын келип түшүүсү болжолдонгон, анын ичинде 441 173.2 миң сом суммасында кошумча төлөм каражаттары.

Акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн жыл ичинде 1 168 989.8 миң сом келип түшкөн, планга салыштырмалуу ал 77,8 %га аткарылган.

## Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген стационарларда медициналык кызмат көрсөтүү

2020-жылы ММК фонду менен келишим боюнча иштеген республиканын стационарларында 775400 дарыланып чыккан учур айыкталган (2019-жылы 971524), же 2019-жылга салыштырганда 20,2 %га аз.

Дарыланып чыккан учурлардын санынын азайышы COVID-19 илдетине байланыштуу өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаал режимининин киргизилиши жана отчёттук жылда пландуу госпиталдаштыруулардын убактылуу чектелгендиги менен түшүндүрүлөт.

Ыкчам маалыматтар боюнча 2020-жылы жалпы профилдүү стационарлардан дарыланып чыккан учурлардын саны 748158 түзгөн (2019-жылга 937787), же 2019-жылга салыштырганда 20,2 %га аз.

Курчок учукка каршы стационарларда (ыкчам маалыматтар боюнча) 8188 дарыланып чыккан учур катталган (2019-жылы 7939), же 2019-жылга салыштырганда 3,1 %га көп, анын ичинде каржылоо 670 040,3 миң сомду түзгөн.

Адистештирилген стационарларда (онкология, психиатрия, кардиохирургия) 19054 дарыланып чыккан учур катталган (2019-жылы 25798), 2019-жылга салыштырганда 26,1 %га аз.

Жалпы профилдүү стационарларда дарыланып чыккан учурлардын түзүмүнүн 40,2%ын (315492 учур) кан айлануу, дем алуу органдары жана тамак сиңирүү органдары менен байланышкан дарыланып чыккан учурлар түзөт (2019-жыл –322214 учур же 34,1 %).

Отчеттук жылы төрөттүн жана жаңы төрөлгөн ымыркайлардын абсолюттук санынын төмөндөшүнө карабастан, дарыланып чыккандардын жалпы санында алардын үлүшү өткөн жылга салыштырганда жогору, бул 2019-жылга салыштырганда отчеттук жылы дарыланып чыккандардын жалпы санынын азайышы менен түшүндүрүлөт.

Отчеттук жылда салыштырмалуу жана ошондой эле абсолюттук маанide да дем алуу системасынын оорулары менен байланышкан дарыланып чыккан учурлардын жогорулашы белгиленди (2019-жылы 9,5 % же 89914 учурдан 2020-жылы 15,9% же 124993 учурга), бул биринчи кезекте коронавирус инфекциясы менен байланышкан.

2020-жылы стационарларда дарыланып чыккан, калктын жеңилдетилген категорияларынын үлүшү 2019-жылга салыштырганда азайды жана 41,5 %ды түздү (2019-жылы 55,7%), мунун өзү пландуу госпитализациялоолордун убактылуу токтотулушу менен байланышкан.

Отчёттук жылда калктын социалдык аялуу катмарларынын ичинен дарыланып чыккан бейтаптардын үлүшү 57,8 %ды түздү (2019-жылы 61,2 %).

Өткөн жылга салыштырмалуу калктын айрым артыкчылыктуу категорияларында төмөндөө байкалды: 16 жашка чейинки балдар 35,6 % (2019-жылы – 38,7 %), пенсионерлер – 13,9% (2019-жылы – 15,1 %), социалдык жөлөк пул алуучу адамдар – 5,4 % (2019-жылы – 6,7 %).

Отчёттук жылда ММК фонду менен келишим боюнча иштеген стационарларда аскер кызматкерлерин дарылоо менен байланышкан дарыланып чыккан учурлардын саны 1016 болуп белгиленди (2019-жылы – 938 учур).

Стационардык оорулууларда консолидацияланган бюджеттин каражаттарынан түзүлгөн 1 оорулууга бир күндө кеткен чыгымдар: дары-дармектерге – 285.59 сом, тамак-ашка – 89.52 сомду түзөт.

2020-жылы ММК фонду менен келишим боюнча иштеген республиканын стационарларында 775408 жарандар дарыланган, алар үчүн медициналык багыттагы медикаменттерди жана буюмдарды алуу боюнча аудитке берилген маалыматтын негизинде 2630430,3 миң сомго кассалык кредит ачылып анык чыгым 2519110,3 миң сомду түзгөн.

COVID-19 коронавирус пандемиясынын шартында калкты медициналык жардам менен камсыз кылуу үчүн ай сайын клиникалык жетекчиликке ылайык республиканын стационарлары боюнча COVID-19 коронавирус инфекциясын дарылоо үчүн дары-дармек каражаттарына мониторинг жана талдоо жүргүзүлөт. 2020-жылдын акырында саламаттык сактоо уюмдарында жалпы суммасы 237 860,2 миң сомдук дары-дармек каражаттарынын запасы бар. Анын ичинде аймактар боюнча: Бишкек шаары – 64 198,3 миң сом, Чүй облусу – 22 165,6 миң сом, Ош облусу жана Ош шаары – 47 606,4 миң сом, Жалал-Абад облусу – 50 165,7 миң сом, Баткен облусу – 22 299,2 миң сом, Ысык-Көл облусу – 12 564,0 миң сом, Нарын облусу – 11 612,6 миң сом жана Талас облусу – 7 248,3 миң сом.

Мындан тышкары, ММК фонду тарабынан Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдары боюнча жеке коргонуу каражаттарынын запасына жума сайын мониторинг жүргүзүлөт. 2020-жылдын аягында саламаттык сактоо уюмдарында жалпы суммасы 534 643,0 миң сомдук жеке коргонуу каражаттарынын запасы бар, анын ичинде аймактар боюнча: Бишкек шаары – 136 972,6 миң сом, Чүй облусу – 51 197,1 миң сом, Ош облусу жана Ош шаары – 86 680,9 миң сом, Жалал-Абад облусу – 83 871,7 миң сом, Баткен облусу – 40 797,8 миң сом, Ысык-Көл облусу – 47 625,1 миң сом, Нарын облусу – 68 323,9 миң сом жана Талас облусу – 19 173,8 миң сом.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык коргоо министрлигинин жана ММК фондунун жумушчу тобу чыгымдоону коэффициенттерди колдонуу менен стационарлардын иш жүзүндө чыгымдарынын негизинде коронавирус инфекциясын дарылоо менен байланышкан дарыланып чыккан учурлар үчүн стационарларга акы төлөөнү кайра карап чыкты.

*Кыска мөөнөттө болуу бөлүмдөрүнүн иши*

Бейтаптарды негизсиз госпиталдаштырууну чектөө максатында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык коргоо министрлиги менен ММК фондунун биргелешкен буйругу менен 77 стационарда балдар үчүн 720 орун жана республиканын 10 пилоттук стационарында кош бойлуу аялдар үчүн 36 орун ачылган (Эненин жана баланы коргоо улуттук борбору, Шаардык перинаталдык борбор, Бишкек шаарындагы № 1, 2 клиникалык төрөт үйү, Чүй облустук бириккен ооруканасы, Талас облустук бириккен ооруканасы, Ысык-Көл облустук бириккен ооруканасы, Жалал-Абад облустук бириккен ооруканасы, Ош облустар аралык клиникалык ооруканасы, Ош шаардык ооруканасы). Кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөрүнүн негизги багыты стационардык шартта балдарга жана кош бойлуу аялдарга медициналык жардам көрсөтүү болуп эсептелет.

2020-жылы балдар үчүн кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөрүндө орундарында дарыланып чыккандардын саны 30354 учурду түздү (2019-жылы 34464), каржылоо суммасы 19 392,4 миң сомду түздү. Кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөрүнө жаткырылган балдардын түзүмүндө 5 жашка чейинки балдар 56,1 %ды түзүп, анын ичинде 11,8 % – 1 жашка чейинки балдар (2019-жылы жашка чейинки балдар 95 %, анын ичинде 48 % – 1 жашка чейинки балдар).

Кыска мөөнөткө болуу бөлүмдөрүндө орундарында кош бойлуу аялдарга байкоо жүргүзүү жана дарылоо менен байланышкан дарыланып чыккан учурлар – 2450 учур (2019-жылы 541) катталган.

Кыска мөөнөткө болуу жана кош бойлуу аялдарга узак мөөнөткө ооруканага жаткырууга байкоо жүргүзүү тажрыйбасын андан ары кеңейтүү коронавирус инфекциясы боюнча эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу токтотулган.

**Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызмат көрсөтүү**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Электрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматтары боюнча 2020-жылдын аягында республика боюнча Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна катталган элдин саны 6362,6 миң адам. Анын ичинде милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылгандар 4458,3 миң жарын, мунун өзү жалпы катталган калктын 70,1 %ын түзөт.

Бирдиктүү төлөөчү системасында Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү уюмдар төмөнкү түрдө берилген:

- 29 - жалпы дарыгерлер практикалык борборлору (ЖДПБ);
- 49 - Үй-бүлөлүк медициналык борбор (ҮМБ);
- 16 - юридикалык жактан өз алдынча Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу (ҮДТ);
- Бишкек шаарындагы Шаардык жүрөк участка карлык борбору;
- 33 - стоматологиялык бейтапкана;
- 2 - Шашылыш медициналык жардам борбору (Бишкек, Ош шаарлары).

Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында 34287,25 кызматкердин штаттык бирдиги бар, анын ичинде башкаруу аппараты – 1422,50 бирдик 8327,25 врачтык штаттык бирдик бар, орто медициналык персоналдыкы 15686,75 бирдик жана кенже медициналык персонал 4280 бирдик, башкалар 4570,75 бирдик штаттык ыраатлама бекитилген.

Иш жүзүндө Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында 27110 адам, анын ичинде: башкаруу аппараты - 1091 адам, дарыгерлер - 5738 адам, орто медициналык персонал - 12942 адам, кичи медициналык персонал - 3828 адам, башкалар - 3511 адам.

Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү системасында бардыгы 1691 үй-бүлөлүк дарыгер иштейт, 3599 үй-бүлөлүк медайым жана 1812 ФАПтын персоналы иштейт. Бишкек шаарында медайымдарга болгон эң чоң муктаждык бар, штаттык бирдик 1021, иш жүзүндө 555 адам иштейт, мунун өзү зарыл болгон кызматкерлердин санынан эки эсеге аз.

2020-жылга карата ММК фондунун бюджетинен баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарын каржылоого 5 032 546,3 миң сом бөлүнгөн, анын ичинде:

- калкка шашылыш медициналык жардам көрсөтүүгө – 507 772,4 миң сом;
- ҮМБ, ҮДТ, ЖДПБ баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүгө – 4 241 562,6 миң сом;
- калкка стоматологиялык жардам көрсөтүүгө - 283 211,3 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Электрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматтары боюнча отчеттук жылда баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарында бардык тармактар боюнча амбулаториялта

каттагандардын саны 32,3 %га азайды жана 8124658ди түздү (2019-жылы 11993075), анын ичинде Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна каттагандардын саны 28 %га азайды жана 4300032ни түздү (2019 жылы 5975614).

**Амбулаториялык деңгээлде кургак учукту айгыктыруу дарылоо үчүн жыйынтыктарга негизделген каржылоо**

Кургак учук менен ооруган бейтаптарга баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү кызматынын сапатын жогорулатуу үчүн Чүй, Талас облустарынын, Ош облусунун Кара-Суу районунун жана Жалал-Абад облусунун (Сузак, Базар-Коргон, Ноокен райондорунун жана Кочкор-Ата, Майлуу-Суу, Жалал-Абад шаарларынын) баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү шилеттүк саламаттык сактоо уюмдарында амбулаториялык деңгээлде кургак учукту айгыктыруу дарылоону аяктаган учурларды каржылоо механизми киргизилди.

Отчёттук мезгилде амбулаториялык деңгээлде кургак учукту дарылоону айгыктыруу аяктаган 2147 учурду жалпы суммасы 33 600,0 миң сомго каржылоо ишке ашырылды, анын ичинде 1492 учур кургак учуктун сезгич формасы үчүн жалпы суммасы 17 900,0 миң сомго, 655 дарыга туруктуу формасы үчүн 15 700,0 миң сомго каржыланды.

**Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы № 790 токтому менен бекитилген Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы бекитилген.

ММКнын Кошумча программасы Кыргыз Республикасынын камсыздандырылган жарандары үчүн арналган жана ММК фонду менен келишим боюнча иштеген дарыканалардын дары-дармек каражаттарын орто эсеп менен 55 % жеңилдик менен сатып алууга мүмкүндүк берет.

2020 жылы 1245 миң даана ММК рецепттери жазылып берилген, анын ичинде аймактар боюнча Ош облусу – 31 % (388,8 миң рецепт), Жалал-Абад облусу – 18 % (224,8 миң), Ысык-Көл облусу – 9 % (116,6 миң), Бишкек шаары – 15 % (184,4 миң), Баткен облусу – 10 % (124,7 миң рецепт), Чүй облусу – 9 % (109,6 миң), Талас облусу – 4 % (50,3 миң), Нарын облусу – 4 % (46,8 миң). Калкка сатылган дары-дармек каражаттары үчүн ММК фонду тарабынан дарыканаларга 301624,8 миң сом төлөнүп берилген.

Камсыздандырылган жарандардын негизги категорияларынын арасында эң көп сандагы рецепттери пенсионерлерге жазылып берилген – 102552,4 миң сомго 459,4 миң рецепт (37 %), иштеген жарандарга – 244,7 миң даана (20 %) 64 720,9 миң сомго, балдарга – 131,6 миң даана (11 %) 31 160,0 миң сомго, социалдык жөлөк пул алуучуларга – 122,2 миң даана (10 %) 37 605,6 миң

сомго, фермерлерге – 103,6 миң даана (8 %) 22 669,9 миң сомго, кош бойлуу аялдарга – 73,5 миң даана (6 %) 14 197,0 миң сомго ж.б.

ММКнын жеңилдетилген рецепттер боюнча ММК каражаттарынан ордун толтуруунун орточо деңгээли 56,6 %ды түздү.

2020-жылы Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча 87,4 миң рецепт жазылып берилген. Ошол эле учурда рецепттердин үлүшү Жалал-Абад облусу боюнча 16 % (13,8 миң рецепт), Бишкек шаары – 17 % (15,4 миң), Баткен облусу – 6 % (5,6 миң), Чүй облусу – 16 % (14,1 миң), Талас облусу – 4 % (3,2 миң), Нарын облусу – 6 % (5 миң), Ысык-Көл облусу – 12 % (10,3 миң), Ош облусу – 23 % (20 миң).

Калкка сатылган дары-дармек каражаттары үчүн ММК фонду тарабынан дарыканаларга 55000,0 миң сом төлөнүп берилген.

Жеңилдик алууга укуктуу категориялар боюнча диабет менен ооругандарга 27,9 миң рецепт (32 %), бронхиалдык астма менен ооругандарга – 22,7 миң (26 %), онкологиялык оорулууларга – 12,6 миң (14 %) психикалык жактан бузулуулар менен жабыркагандарга – 24,1 миң рецепт (28 %) берилген.

2019-жылдан тартып мамлекеттик кызматтарды жалпы санариптештирүүнүн алкагында ММК фонду жеңилдетилген рецепттер боюнча маалымат системасын онлайн режимге которгон. Бүгүнкү күндө Ысык-Көл, Ош облустарында жана Ош шаарында электрондук рецепттерди жазып берүү өндүрүштүк режимде иштөөдө. 2021-жылдын 1 январына карата 515,4 миң жеңилдетилген рецепт электрондук форматта жазылып берилген, анын ичинде Ысык-Көл облусу боюнча 126,8 миң, Ош облусу боюнча 388,6 миң рецепт. Электрондук рецепттер боюнча сатылган дары-дармек каражаттары үчүн ордун толтуруунун суммасы 108 836,0 миң сом, анын ичинде Ысык-Көл облусу боюнча 27 094,7 миң сом, Ош облусу боюнча 81 741,2 миң сом. Ордун толтуруунун орточо деңгээли 65,3 %ды түздү.

2021-жылы электрондук жеңилдетилген рецепттер Бишкек шаарына, Талас жана Жалал-Абад облустарына киргизилет.

**Гемодиализ кызматына кеткен чыгымдар**

ММК фонду Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августундагы № 441 "Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарын уюштуруу жана аларды көрсөтүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомун аткарууда Бирдиктүү төлөөчү системасында гемодиализ кызматын көрсөтүүгө ММК фондунун аймактык башкармалыктары менен келишим түзгөн саламаттык сактоо уюмдарында менчигинин түрүнө карабастан, бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга бюджеттик программалык гемодиализ кызматы үчүн каржылоону камсыз кылат.

2020-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Бирдиктүү төлөөчү системасында гемодиализ кызматын көрсөтүүгө 29 саламаттык сактоо уюму

менен келишим түзүлгөн, анын ичинде 25 - жеке менчик медициналык борбору жана 4 - мамлекеттик саламаттык сактоо уюму бар.

Жеңилдетилген гемодиализ сеанстарын алуу үчүн оорулуулардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан түзүлөт. 2020-жылдын 31-декабрына карата жеңилдетилген гемодиализ кызматын алуучулардын тизмесинде 1116 бейтап катталган.

Отчеттук мезгилде ар түрдүү себептер менен 256 - адам тизмеден чыгып, 557 - адам тизмеге кирген. 2020-жылдын 31-декабрына карата "Гемодиализ" маалымат базасынын реестринде бешинчи баскычтагы бөйрөктүн өнөкөт оорусу менен ооруган 1408 каттоодо турат.

2020-жылдын аягында оорулуулар 190,8 миң гемодиализ сеансын алышты. ММК фонду отчеттук мезгил үчүн 897 100,0 миң сомго каржылоо жүргүздү.

## Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапаты

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапаты 2020-жылга карата 72 баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмунда жана 78 стационарда медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатына баалоо жүргүзүлүшү пландалган болчу. Бирок Кыргыз Республикасындагы Covid-19 боюнча санитардык-эпидемиологиялык абалга карапастан, медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын баалоо жана ошого карата ММК фонду жагынан каржылоо жүргүзүлгөн эмес.

2020-жылы Covid-19 (Коронавирус инфекциясы) менен ооруган бейтаптарга медициналык жардамдын сапатына көзөмөлдөө өткөрүү максаты менен, ММК Фондунун адистери жалпы 2456 экспертиза жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн экспертизанын натыйжасында текшерилген 2456 учурдун ичинен орточо дефекттердин деңгээли 25.9 %ды түздү. Алардын ичинен, дарылоодогу дефекттер 30.0 %ды, диагноздогу дефекттер 14.0 %ды түзгөн.

## Кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы моделдерин киргизүү (узак мөөнөттө госпитализациялоого муктаж болбогон балдар жана кош бойлуу аялдар үчүн кыска мөөнөттө болуу бөлүмдөрүн/орундарын ачуу)

Стационарлардагы бейтаптардын негизсиз узак мөөнөттө болуусун чектөө максатында 2016-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен ММК фондунун биргелешкен буйругу менен, 77 стационарда балдар үчүн кыска мөөнөттө болуу бөлүмдөрү ачылды, 2019 жылдын 1 августунан тартып республиканын 10 пилоттук саламаттык сактоо уюмунда кош бойлуу аялдар үчүн кыска мөөнөттө болуу бөлүмдөрү ачылды. Учурда кыска мөөнөттө болуу бөлүмдөрүндө балдар үчүн 720 орун жана кош бойлуу аялдар үчүн 36 орун бар.

2020-жылы кыска мөөнөттө болуу бөлүмдөрүндө 30354 бала (2019-жылы – 34464 бала), 2450 (2019-жылы – 541) кош бойлуу аял дарыланып чыкты.

## ММК фондунун бухгалтердик жыйынтык балансына талдоо жүргүзүү

ММК фондунун 2020-жылга жыйынтык балансы тиркемелери менен каржылоо булактарына жараша эки бөлүмдөн турат:
- "Бюджеттик каражаттар" бөлүмү – ММК каражаттары жана гуманитардык тилке боюнча келип түшүүлөр;
- "Атайын каражаттар" бөлүмү – атайын эсеп боюнча жыйынтыктар кирет.

2020-жылга карата Жыйынтык баланс боюнча негизги фонддордун баланстык наркы 2021-жылдын 1-январына карата 15 952 662,9 миң сомду түздү (имараттар жана курулмалар, транспорттук каражаттар, медициналык жабдуулар, компьютерлер жана эмеректер).

2021-жылдын 1-январына карата негизги фонддордун наркы амортизациянын суммасын алып салганда 7 295 042,4 миң сомду түзөт, же капиталдык салым иштерине сатып алуунун жана жүргүзүүнүн эсебинен негизги фонддордун наркы 57 684,7 миң сомго көбөйдү.

2021-жылдын 1-январына карата товардык-материалдык баалуулуктардын баланстык наркы 4 673 671,8 миң сомду түзгөн (чийки заттар жана баалуулугу төмөн жана эскирүүчү буюмдар) жана 2020-жылдын 1-январына карата товардык-материалдык баалуулуктар 3 220 007,1 миң сомду түзгөн.

2021-жылдын 1-январына карата Казыналыктагы саламаттык сактоо уюмдарынын эсептериндеги пайдаланылбаган акча каражаттарынын калдыктары 403 668,7 миң сомду түздү, анын ичинде, саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептери боюнча 109 386,0 миң сом, Борбордук казыналыктын мультивалюталык эсебиндеги валюта каражаттары 243 527,9 миң сом жана депозиттик каражаттар 50 754,8 миң сом.

ММК фондунун 2020-жылга отчеттук маалыматтарынын негизинде, корлордун чыгашаларынын калдыгы 2 876 786,1 миң сомду түздү, анын ичинде, ММК фондунун борбордук аппаратын жана ММК фондунун аймактык башкармалыктарын каржылоого кеткен каражаттар боюнча 5 581,0 миң сом, гуманитардык жардам боюнча 863 365,1 миң сом жана саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептери боюнча 2 009 840,0 миң сом, анын ичинде: тамак-аш азыктары - 65 984,9 миң сом, медикаменттер жана тануучу материалдар – 2 548 515,8 миң сом, отун (көмүр) - 48 837,6 миң сом, кордук бөлүктөр - 9 242,5 миң сом, чарба материалдары жана кеңсе товарлары – 186 948,5 миң сом, дары - 39,1 миң сом, курулуш материалдары – 2 194,7 миң сом, башка чийки заттар жана материалдар - 15 023,0 миң сом.

Белгилей кетүү керек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелердин финансылоо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө

товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарынын жана каражаттарынын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускама менен, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде турган бардык мекемелер боюнча, алардын ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча корлорун жана каражаттардын калдыктарын эсепке алуу жүргүзүлө тургандыгы аныкталган. Ошондой эле, углуга Нускамадагы Тиркемеде медикаменттер жана таңуучу материалдар боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын корлорунун ченемдери Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тутумунун уюмдары үчүн жайылтылбасы белгиленген.

Аудиттин жүрүшүндө такталгандай, Бирдиктүү төлөөчү тутумуна кирген саламаттык сактоо уюмдарында 2020-жылдын жыйынтыгы менен түзүлгөн жылдык отчеттордук маалыматы менен **88 436,3 миң сомдук** товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча корлору аныкталгандыктан, 2021-жылда каржылоодо сөзсүз эсепке алуу керек. Анын ичинде:

- тамак-аш азыктары боюнча – 893,7 миң сом;
- күйүүчү-майлоочу майларга – 1 949,9 миң сом;
- запастык бөлүктөргө – 4 882,5 миң сом;
- чарба материалдары жана канцелярдык товарларга – 71 855,1 миң сом;
- тара – 21,3 миң сом;
- курулуш материалдарына – 1 376,4 миң сом;
- башка чийки зат жана материалдарга – 7 457,4 миң сом

Ошондой эле, Нускаманын талаптарына ылайык, ММК фондунун аймактык башкармалыктары жана Бирдиктүү төлөөчү тутумунда кирген саламаттык сактоо уюмдарында 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча эсепке алынууга тийиштүү **16 782,9 миң сомдук** дебитордук карыздар да каржылоодо эсепке алынышы керектиги такталды.

Аудит белгилеп кетүүчү жагдай, 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча аныкталган товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча корлору жана эсепке алынууга тийиштүү дебитордук карыздар убагында каржылоодо эсепке алуунун мүмкүнчүлүгү өтүп кеткендиктен жалпы отчетто көрсөтүү талап кылынуусу жоголду.

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптары боюнча, 2020-жылдын аягына **88 436,3** миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары эсепте болгон. Андан тышкары, 2020-жылдын аягына **16 782,9** миң сом суммасында дебитордук карыздын калдыгы өз убагында эсепке алынган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын 2020-жылдын жыйынтыгы менен түзүлгөн жылдык отчетторун маалыматы менен аныкталган **88436,3** миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча корун жана **16782,9** миң сомдук дебитордук карыздар 2021-жылга каржылоодо эсепке алынсын.

**Саламаттык сактоо уюмдарында эмгек акы төлөө боюнча**

Консолидациялашкан бюджет боюнча 2020-жылга "Эмгек акы" беренеси боюнча баштапкы смета 7 908 905,3 миң сом суммасында бекитилген, 8 060 171,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 8 576 844,9 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө чыгымдар - 8 719 355,4 миң сом болгон. Кассалык чыгымдар менен иш жүзүндөгү чыгымдардын 142 510,5 миң сом суммасындагы айырмасы 2019-жылга насыялык карыздардын төлөнүшү менен түшүндүрүлөт.

"Социалдык фондго чегерүүлөр" беренеси боюнча такталган сумма 1 217 407,2 миң сомду түзөт, кассалык чыгымдар 1 208 600,8 миң сом суммасында болгон, ал эми иш жүзүндөгү чыгымдар 1 205 232,9 миң сом суммасында жүргүзүлгөн. 3367,8 миң сом суммасында айырма жыл башында насыялык карыздын жабылышынан улам келип чыккан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-сентябрындагы № 451 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтомунун негизинде, ишинин жыйынтыктарына жана ар бир кызматкердин дарылоо-диагностикалык процесске кошкон салымынын негизинде төлөм жүргүзүү, үй-бүлөлүк дарыгерлердин ишинин натыйжалуулугун жана статусун жогорулатуу, өлкөнүн бардык саламаттык сактоо уюмдарында, анын ичинде айыл жерлеринде үй-бүлөлүк медицина адистерин тартуу үчүн, республикалык бюджеттен үй-бүлөлүк дарыгерлердин, жалпы практика врачтарынын жана үй-бүлөлүк медайымдардын эмгек акысын жогорулатууга жакынкы жылдарга каражат берүүнү караган. 2020-жылы республикалык бюджеттен 401 963,3 миң сом багытталган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы тууралуу" Жобого ылайык, саламаттык сактоо уюмдарынын эмгек акысы базалык маяннан, кошумча

төлөмдөрдөн жана обочолоонун жана компенсациялык мүнөздөгү үстөктөрдөн турат.

Мекеме кабыл алган калктын санына жана иш жүзүндө дарыланып чыккандардын санына жараша административдик башкаруучу персоналдын, медициналык жана башка персоналдын штаттык бирдиктеринин санын жана ага ылайык эмгек акы фондун аныктоого укуктуу. Чыгымдардын көлөмү ММК фондунун бюджетине бөлүнгөн каражаттардын чегинде, кошумча төлөм жана атайын каражаттар түрүндө келип түшкөн кирешелерди эске алуу менен бекитилет.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн бюджеттик каражаттар мыйзамдуу тартипте уюмдун өзүнүн башкаруусунда калат жана колдо болгон каражаттарды пайдалануу боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилерине берилген автономияда, бул каражаттар саламаттык сактоо уюмдарынын инфраструктурасын жакшыртууга, ошондой эле медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга жана кредитордук карыздарын жабууга багыттоого мүмкүн.

Алсак, 2020-жылга карата саламаттык сактоо уюмдары тарабынан Бирдиктүү төлөөчү тутумунда иштегендер 73504,0 штат бирдикте, анын ичинде: башкаруу аппараты - 2877,75 штат бирдик, дарыгерлер - 15180,25 штат бирдик, орто медициналык персонал - 31175,75 штат бирдик, кичи персонал - 14639,5 штат бирдик, башкалар - 9630,75 штат бирдик штаттык ырааттама бекитилген.

Иш жүзүндө 57614 адам, анын ичинде: башкаруу аппараты - 2204 адам, дарыгерлер - 11151 адам, орто медициналык персонал - 25431 адам, кичи медициналык персонал - 11725 адам, башкалар - 7103 адам.

Алгачкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү уюмдун кызматкерлеринин орточо айлык эмгек акысы: башкаруу аппараты - 13337,39 сом, дарыгерлер - 17428,29, орто медициналык персонал - 10440,0 сом, кичи медициналык персонал - 7518,93 сом, башкалар - 9023,07 сомду түзгөн.

Стационардык кызматтардын орточо айлык эмгек акысы (көп тармактуу ооруканалар, адистештирилген оорукана кызматтары, кургак учукка каршы кызматы, төрөт үйлөрү, балдар ооруканалары, БҮОЖБ): АУП - 12052,97 сомду, дарыгерлер - 12391,51 сомду, орто медициналык кызматкерлер - 10501,38 сомду, кичи персонал - 9300,[illegible] сомду, башкалар - 8589,40 сомду түзөт.

Белгилей кетүү керек, колдонуудагы Саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө Жободо, кошумча эмгек акы түшүнүгү берилген, ал эмгек акынын чогултулган фондун үнөмдөөнүн эсебинен түзүлөт жана эмгекке катышуу коэффициенти аркылуу бөлүштүрүлөт. Кошумча эмгек акы фондунун өлчөмү консолидацияланган эмгек акы фондунун суммасынан кепилденген эмгек акыны жана жеке төлөмдөрдү алып салуу аркылуу аныкталат.

Мындай ыктагы саламаттык сактоо уюмдары тарабынан топтолгон бюджеттин эмгек акы төлөө фондун пландоо жана чыгымдоо менен шайкеш

келбейт, же эмгек акы төлөө фондун пландоодо ММК фондунун бюджетинен каралган каражаттар гана эске алынат.

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Саламаттык сактоо уюмдары боюнча 2020-жылы врачтардын, орто медициналык персоналдардын жана башка персоналдардын бош кызмат орундары штаттык бирдиктерден бекитилген санынан 73 пайыздан 81 пайызга чейинкисин түзөт, мунун өзү каражаттарды жасалма үнөмдөөгө алып келет, алар медициналык кызматкерлердин ортосунда кошумча эмгек акы катары бөлүштүрүлөт. Ошол эле учурда, оорулуулар талаптагыдай медициналык дарылоо ала албай турган фактысы эске алынбайт.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан врачтардын, орто медициналык персоналдардын жана башка персоналдардын бош кызмат орундарын, штаттык бирдиктердин ордун толуктоо боюнча тийиштүү чаралар көрүлүүсү тийиш.

## Саламаттык сактоо уюмдарынын дебитордук жана кредитордук карыздарына талдоо жүргүзүү

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 П буйругу менен бекитилген бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепти уюштуруу жөнүндө жобону бузуу менен ММК фондунун бюджетине ылайык, саламаттык сактоо бирдиктүү төлөөчү системасына кирген уюмдар 2020-жылдын 1-январына карата дебитордук карыздар 211 931.4 миң сомду түзүү

2021-жылдын 1-январына карата 100399.5 миң сом калган.

Анын ичинен:

- кызматкерлердин дебитордук карызы - 586.0 миң сом;
- тартыштык, уурдоо жана талоончулуктар - 5 526.0 миң сом;
- алдын ала төлөнгөн аванстар - 20 328.4 миң сом;
- алдын ала төлөнгөн кызматтар жана иштер - 17 358.4 миң сом;
- алдын ала төлөнгөн негизги каражаттар - 48 478,5 миң сом;
- эмгек акынын алдын ала төлөө - 8 122.2 миң сом (киреше салыгы боюнча аванстык төлөмдөрдү кошкондо - 1 553.6 миң сом жана социалдык чегерүүлөр - 4 980.9 миң сом).

Бухгалтердик баланстын № 6 тиркемесинде 2020-жылдын 1-январына карата кредитордук карызы 322 699,9 миң сомду түзүп, жылдын аягында 692 461,4 миң сом жалпы калып, жылдын башындагы карызга салыштырмалуу 369 761,5 миң сомго кредитордук карызы көбөйгөн.

Анын ичинен:

- кызматкерлердин кредитордук карызы - 1 225,5 миң сом;
- убактылуу пайдаланууга алынган каражаттар боюнча эсептешүүлөр - 50 754.8 миң сом.

- компенсациялык төлөмдөр - 0,3 миң сом;
- банка ичиндеги кредитордук карыз - 38,2 миң сом;
- эмгек акы жана башка эмгек акы - 143 864,3 миң сом;
- киреше салыгы - 678,4 миң сом;
- Пенсиялык фондко которуулар - 6 863,1 миң сом;
- Ден соолукту камсыздандыруу фондуна которуулар - 130,3 миң сом;
- аткаруу буйруктары боюнча милдеттенмелер - 13,4 миң сом;
- профсоюздук жыйымдар - 499,3 миң сом;
- акционерлерге карата кредитордук карыз - 326 648,2 миң сом;
- кызматтар жана иштер боюнча кредитордук карыз - 116 588,7 миң сом;
- негизги капиталга карата кредитордук карыз - 26 110,7 миң сом;
- башка социалдык төлөмдөр жана төлөмдөр - 19046,4 миң сом,

2019-жылдын 31-декабрына карата саламаттык сактоо уюмдарынын дебитордук карыздарынын жалпы суммасы 211 931,4 миң сомду түзгөн. 2020-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыздарынын суммасы 100399,5 миң сомду түзгөн. 2020-жылдын 1-январына карата кредитордук карызы 322 699,9 миң сомду түзүп, жылдын аягында 692 461,4 миң сом карызы калып, жылдын башындагы карызга салыштырмалуу 369 761,5 миң сомго же 2,1 эсеге көбөйгөн.

**Сунуштама:**

2021-жылдын 1-январына карата 100399,5 миң сомдук дебитордук жана 369 761,5 миң сомдук кредитордук карыздарды жоюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

## ММК фондунун ички аудит кызматынын ишине жана отчеттуулугуна талдоо жүргүзүү

Ички аудит башкармалыгынын Операциялык (жылдык) планына ылайык 2020-жылга 76 аудит пландаштырылган. Иш жүзүндө 2020-жылы Ички аудит башкармалыгы тарабынан 23 аудит жүргүзүлгөн, планды аткаруу 30,3 %ды түздү. Пландын аткарылбагандыгы COVID-19 коронавирус инфекциясы боюнча карантиндин жана өзгөчө абалдын киргизилиши менен байланышкан.

Мындан тышкары, 60 аудиттик талдоо жүргүзүлдү, анын ичинде Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын каттарынын негизинде – 2, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Коррупцияга каршы кызматынын каты боюнча – 2, Экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынын каттары боюнча – 19, УКМКнын Талас облусу боюнча башкармалыгынын каты боюнча – 1, саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин даттануулары боюнча – 5, жетекчиликтин тапшырмасы боюнча – 31 аудит жүргүзүлгөн.

Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышы менен күрөшүүгө багытталган гуманитардык жардамдын каражаттарынын пайдаланылышы, сарамжалдуу жана

максаттуу пайдаланылышына талдоо жана мониторинг жүргүзүлдү, ошондой эле Баткен, Жалал-Абад, Ош, Талас жана Чүй облустарынын саламаттык сактоо уюмдарында пандемиянын алдын алуу жана аны менен күрөшүүгө багытталган чараларга компенсациялык төлөмдөрдү четерүүнүн туурадыгына жана негиздүүлүгүнө талдоо жүргүзүлгөн.

2020-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгы боюнча мыйзам бузуулардын жалпы суммасы 67 [illegible]34,5 миң сомду түздү, анын ичинде товарларды жумуштарды жана кызматтарды сатып алуу боюнча 32 456,8 миң сом, саламаттык сактоо уюмдарында консолидацияланган бюджеттин каражаттарын максатсыз пайдалануу боюнча 479,5 миң сом, башка мыйзам бузуулар боюнча 20 651,0 миң сом.

## ММК фондунун Борбордук аппараты боюнча административдик чыгымдарга бекитилген каражаттардын түзүлүшү жана пайдаланылышы

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун борбордук аппаратынын 2020-жылга Бюджеттик каражаттар боюнча мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө ф-№ 2 отчету боюнча 50307,3 миң сомго жылдын башына смета бекитилген жана жыл ичинде сметага киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин 44209,9 миң сомго Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жетекчиси тарабынан бекитилген.

Бюджеттик каражаттар боюнча мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун негизинде жыл ичинде 39957,6 миң сомго кассалык кредит чыгымдар анык чыгымдар 39083,8 миң сомду түзгөн.

Кассалык чыгымдар тактаган сметага салыштырмалуу 4252,3 миң сомго аз (94,9%).

Ал эми анык келтирилген чыгымдар 39083,8 миң сомду түзүп, кассалык чыгымдарга салыштырмалуу 873,8 миң сомго аз (97,8%) аткарылган.

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин эмгек акылары боюнча

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" № 473 токтомунун негизинде, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин штаттык жүгүртмөсү 2020-жылга 68 штаттык бирдикте 631,5 миң сом бир айлык эмгек акы фонду жана тейлөөчү персонал 13 бирдикте 63,4 миң сом бир айлык эмгек акы фонду өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү

министрлигинин караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрагасынын 2020-жылдын 27-февралындагы № 76 буйругу менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчыларына жана мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" №74 токтому боюнча борбордук аппараттын кызматкерлерине ар бир кварталдын жыйынтыгы боюнча сый акы эсептөө каралган. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун буйруктары менен жалпысынан 2020-жыл ичинде 4337,9 миң сом кварталдык сый акы эсептелинип төлөнгөн.

Андан сырткары жогорудагы токтомго ылайык квартал сайын төрт орточо айлык сый акыдан тышкары Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун буйругуна ылайык ар-түрдүү майрамдардын урматына жана жылдын жыйынтыгы боюнча бардыгы болуп 2020-жылы борбордук аппараттын кызматкерлерине **5559,7** миң сом сый акы эсептелип берилген.

**Сунуштама:** Мындан ары ММК фондунун кызматкерлерине сый акы төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчыларына жана мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" 2020-жылдын 10-февралындагы № 74 токтомунун талаптары сакталсын.

**Бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрү боюнча**

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Мамлекеттик салык кызматынын Ленин райондук башкармалыгына киреше салыгы боюнча бухгалтердик балансынын 6 тиркемесине ылайык 138,2 миң сом кредитордук карызы көрсөтүлүп 2173,1 миң сом эсептелинип отчётту тапшырылганы оңдолдой эле кызматкерлерге эмгек акы эсептөөдө киреше салыгы боюнча 2173,1 миң сом эсептелгени аныкталды. Жыйынтыгында Ленин райондук казыналык эсеп көчүрмөсү боюнча 2357,1 миң сом киреше салыгы үчүн которулса жана кызматкерлердин эсебинен кармалбастан 45,8 миң сом ашыкча которулган.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" 2004-жылдын 24-январы № 8 Мыйзамынын 2-беренесинин 1-пунктунун негизинде пенсиялык фондго - 15 пайыз, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна - 2 пайыз жана эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна - 0,25 пайызын иш берүүчүнүн эсебинен кармалуусу каралган.

Социалдык фонддун Ленин райондук башкармалыгына 2020-жылдын эмгек акы жөнүндө отчётуна ылайык жалпысынан 24757,9 миң сом эмгек акыга

көрсөткүчүн, социалдык салымдар боюнча 6680,8 миң сомго отчет тапшырылган, жыл ичинде 6987.1 миң сом которулган, жылдын башына 287.4 миң сом бухгалтердик балансынын 6 тиркемесине ылайык кредитордук карызы болгон жыйынтыгында 18,9 миң сомго ашыкча которулган.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун борбордук аппараты боюнча Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 173-беренесине ылайык киреше салыгы боюнча 45,8 миң сомго ашыкча которулган.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" 2004-жылдын 24-январь № 8 Мыйзамынын 2-беренесинин 1 пунктуна негиз 18,9 миң сомго ашыкча которулган

**Сунуштама:**

Мындан ары, киреше салыгы жана социалдык камсыздандыруу боюнча төгүмдөрүн ашыкча которууга жол бербөөсүн

## Транспорт каражаттарына, автотранспортту пайдаланууга боюнча кеткен чыгымдары боюнча

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана поомоттук автотранспортту айдоонун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун ченемдерин бузуу менен ММК фондунун борбордук аппаратынын балансында жок ММК фондунун Бишкек аймактык башкармалыгынын балансындагы Тойота камри маркасындагы мамлекеттик номери 2067 VS автоунаасына 45.7 миң сомдук жана ВАЗ 21310 маркасындагы мамлекеттик номери KG 1668 автоунаасына 13.5 миң сомдук күйүүчү майы чыгымдалган, баардыгы болуп 59.2 миң сом негизсиз чыгымдалганы аныкталды.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана поомоттук автотранспортту айдоонун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарын бузууга жол бербөөсүн.

## Ижара мамилелери боюнча

**Критерийлерди бузуулар аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Аппаратынын "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасы менен ММК фондунун 2019-жылдын 30-майындагы № 6 түзүлгөн

келишими 2 айы күнү жылы көрсөтүлбөгөн кошумча келишимди түзүлгөн жана ММК фондунун борбордук аппаратынын административдик чыгымдары боюнча 2019-жылдын бухгалтердик балансынын 6-тиркемесине кредитордук карыз катарында көрсөтүлбөгөн, башкача айтканда бухгалтердик балансты чагылдырылбаган 608,2 миң сом 2020-жылдын 31-мартында № 3512523 төлөө тапшырмасы менен "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик мекемесинин эсебине которулган.

**Сунуштама:**

1. Мындан ары имараттын кезектеги оңдоо-түзөө иштери боюнча өз ара эсептешүүлөр боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

**Мындан сырткары** белгилей кетүүчү нерсе, Бишкек травмотология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунда 2019-жылдын 1-январына карата 33 даана эндопротез жамбаш-сөөктү бюджеттик эндопротездөө үчүн эндопротездөөгө куура келбеген комплекттери калган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан 2019-жылдын 18-декабрында № 26 накладной менен ар бир даанасын 69,3 миң сомдон 72 даана 4989,6 миң сомдук эндопротез жамбаш сөөктү бюджеттик эндопротездөө үчүн комплекттери менен камсыз кылган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогорку технологиялар фонд тарабынан каржылануучу жамбаш-сөөктү бюджеттик эндопротездөөнү күтүп жаткан бейтаптардын тизмеси Бишкек травмотология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунда ар жыл сайын көбөйүүдө, бүгүнкү күндө 720 бейтап кезекте турат.

Бишкек травмотология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунун Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жогорку технологиялар фонд тарабынан каржыланууну эндопротез менен камсыздоо боюнча 2020-жылдын 6-февралындагы № 01-1146 жана №01-1147 каттары менен кайрылган, жыл ичинде бир да эндопротез министрлик тарабынан камсыздалган эмес.

**Сунуштама:**

Бишкек травмотология жана ортопедия илимий-изилдөө борборунда жамбаш-сөөктү эндопротездөөнү күтүп жаткан 720 бейтапты Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жогорку технологиялар фонду тарабынан эндопротез менен камсыздасын.

**Кемин райондук аймактык оорукана боюнча:**

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча

Жобонун" товардык материалдык баалуулуктардын эсебин алып баруу талаптары сакталбагандыктан, инвентаризация жыйынтыгы менен дары-дармек боюнча – 0,9 миң сом, тамак аш боюнча – 0,1 миң сом жетишпегендик аныкталып, толук ордуна коюлду.

**Сунуштама:** товардык материалдык баалуулуктардын эсебин алып баруу Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун" талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Аныкталган тамак аш боюнча 0,1 миң сомдук жетишпегендик ордуна коюлсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 25-мартындагы №161 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобонун талаптары сакталбастан 21,4 миң сом, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы №246 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобонун талаптары сакталбастан кызматкерлерге **18,0 миң сом** төлөнгөн;

